Узун Бирол,
БГУ

МАХМУД КАШГАРИНИН “ТҮРК ТИЛДЕРИНИН СӨЗДҮГҮ” АТТУУ ЭМГЕГИНДЕГИ КУРУЛУШКА ТИЕШЕЛҮҮ СӨЗДӨРДҮН КЫРГЫЗ ТИЛИНДЕ ТУЮНТУЛУШУ

Түрк тилдеринин тилин ошол тилде сүйлөгөн элдеринин тарыхы менен байланыштуу изилдөө түркологиядагы негизги проблемалардан болуп саналат. Бул маселени чечүүдө түрк тилдеринин салыштырма-тарыхый граматикасы менен салыштырма тарыхый этимологиялык сөздүгүнүн материалдарынын чоң мааниси бар.

Түрк тилдерин изилдеөнүн тарыхында салыштырма-тарыхый метод да, жөнөкөй салыштыруу методу да (сопоставительный метод) колдонулуп келе жатат.

Жөнөкөй салыштыруу методунда салыштырма-тарыхый методдун кээ бир элементтеринин колдонулушу мүмкүн. Мына ошондой эмгектерге XI кылымдагы Махмуд Кашгаринин сөздүгү кирет.

Махмуд Кашгари (Махмуд ибн-Хусейн ибн-Мухаммед — туулган жана өлгөн жылы белгисиз) XI кылымда жашаган көрүнүктүү түрколог-филолог. Кашгарда атактуу үй-бүлөдө туулган. Махмуд башталгыч билимди өзүнүн туулуп-өскөн шаары Кашгардан алат, окуусуи Багдад шаарына барып улантат, илимий адабий эмгектерин жазууда араб тилинен пайдаланат. Түзгөн сөздүгүнүн мазмунуна караганда, Махмуд Кашгари лингвистика, география, тарых жана башка илимдерди мыкты билген.

Багдаддан көп илимдердин тармактары боюнча кеңири билим алган. Анын түрк тилдери жана диалектилери жөнүндөгү эмгектеринин ичинен биздин заманыбызга келип жеткени —«Дыван лугат-ит-түрк» аттуу эмгеги; ал 1072— 1074-жылдары жазылган. Махмуд Кашгари, бул сөздүктөн тышкары, түрк тилдеринин грамматикасын да жазган, бирок ал эмгек биздин заманыбызга келип жеткен эмес. Жогоруда аталган сөздүктү жазуудан мурда автор көп жылдар бою түрк тилдеринен лингвистикалык, тарыхый, этнографиялык материалдарды чогулткан, түрк тилдерин, адабиятын, фольклорун, үрп-адатын үйрөнүү максаты менен көп түрк урууларын кыдырып аралап чыккан.

Анын атактуу сөздүгү биринчи жолу Турциянын Стамбул шаарында 1915-жылы (1-2-том), 1917-жылы (3-том) басылып чыгат. Түрк тилинен өзбек тилине үч томдук сөздүктү С. М. Муталибов 60-жылдары которуп, басмадан чыгарат. Махмуд Кашгаринин сездүгүндө көп сандаган фонетикалык, морфологиялык, синтаксистик материалдар салыштырмалуу планда берилген. Сөздүктө лекснкалык материалдардын кайсы урууга таандык экендигин, түрк урууларынын территориялык жактан таралышы, түрк тилдеринин классификациясы жана тарыхый фонетикасы, грамматикасынан кабарлар, түрк элдеринин тарыхы, географиясы, этнографиясы, поэзиясы, фольклору сыяктуу материалдар баяндалган. Сөздүктө түркмөн, огуз, чигил, кыртыз урууларынын тилдеринен алынган 7500 сөз берилген. Көпчүлүк сөздөрдүн мааниси иллюстративдүү материалдар аркылуу түшүндүрүлгөн, такталган; иллюстративдүү материалдар катарында макалдар-лакаптар, афоризмдер, кыска-кыска ырлар берилет. Түрк урууларынын XI кылымдын экинчи жарымында территориялык жактан таралышына карата дүйнө жүзүнүн тегерек картасын сөздүккө тиркеме катарында берген; түрктөрдүн 20 урууга бөлүнө тургандыгын, кандай-кандай түрк урууларынын бар экендигин, түрк тилдеринин фонетикалык, морфологиялык жактан чыгыш (чигил, тухси, йагма ж. б.) жана батыш (кыпчак, огуз, печенег, булгар, сувар ж.б.) топ болуп эки топко бөлүнөрү сөздүкте көрсөтүлгөн. Махмуд Кашгаринин жазган сонун эмгектери боюнча аны өз заманындагы көрүнүктүү лексикограф жана лингвист, этнограф жана фольклорист, географ жана тарыхчы деп атоого мүмкүн.

Махмуд Кашгаринин сөздүгүндө түрк тилдери (уйгур, кыпчак, огуз) жөнөкөй-тарыхый салыштыруу жолу менен бир-бири менен салыштырылган. Түрк тилдеринин өз ара бири-бири менен болгон жакындыгы же бир-биринен алыстыгы тиешелүү тилдик материалдар аркылуу берилген.

Түрк тилдерин өз ара айрым топторго бөлүштүрүүдө төмөндөгүдөй белгилерге таянат:

1) сөз башында й//ж тыбыштарынын колдонулушу (йахиш//жакшы);

2) сөз башында м//б тыбыштарынын колдонулушу (мен//бен);

3) сөз башында т//д тыбыштарынын колдонулушу (таг//даг) ж. б.

Фонетикалык жана морфологиялык белгилер. Ошентип, Махмуд Кашгаринин сөздүгүндө түрк тилдеринин тектештиги лексикалык жана грамматикалык жактарынан салыштырылган. Түрк тилдери орто кылымдын ичинде айрым араб окумуштуулары тарабынан да өз ара жөнөкөй түрдө салыштырылып, сөздүктөр түзүлүп келген.

Тил илиминин пайда болушунан тартып, атап айтканда, салыштырма тил илими пайда болгондон тартып тилди злдин тарыхы менен байланыштуу кароо керек экендиги айтылып келе жатат. Тилди элдин тарыхы менен байланыштуу кароо тил илиминдегн негизги маселелерден болуп эсептелет.

Тилдердин өз ара тектештигин аныктоодо бул маселе айрыкча мааниге ээ болот. Түрк тилдери — чыгышы жана типологиялык белгилери жагынан өз ара жакын тектеш тилдер.

Түрк тилдеринин өз ара тектеш экендиктери грамматикалык, фонетикалык түзүлүштөрүнөн жана сөздүк составынан айкын көрүнөт. Эгерде якут жана чуваш тилин кошпой айтканда, түрк элдеринин тилдеринде сүйлөөчүлөр Чыгыш Европа менен Кавказдан тартып, Орто Азия менен Борбордук Азия жана Сибирде өз ара бири-бири менен түшүнүшүп, сүйлөшө алышат. Кээ бир түрк тилдеринде эркин түшүнүшүп, эркин сүйлөшүүгө болот. Бул факт түрк тилдеринин өз ара эң эле жакын экендигин көрсөтөт.

Ар бир конкреттүү тил жалпы элдик тилдин баскычына өнүгүп жеткенге чейин, ал өзүнүн башынан, сөзсүз ар түрдүү тарыхый учурларды өткөрөт. Элдин басып өткөн тарыхый учурлары тилге да тиешелүү даражада таасирин тийгизип отурат. Бул жагынан тилди элдин тарыхы менен тыгыз байланыштуу кароо тил илиминдеги орчундуу маселелерге кирет.

Тил илиминин Я. Гримм, Ф. И. Буслаев сыяктуу көрүнүктүү өкүлдөрү тилди элдин тарыхы менен байланыштуу кароону талап кылышкан.

Ырас, тил илиминде тилди элдон тарыхы менен байланыштуу кароого каршы турган агымдын өкүлдөрү да болушту (натурализм агымы, анын көрүнүктүү өкүлү — А. Шлейхер, социологиялык агым, анын көрүнүктүү өкүлү—Ф. де-Соссюр, азыркы структурализм агымы, Н.,Я. Марддын тил жөнүндөгү «Жаңы окуусу» ж. б.).

Тилдин тарыхынын элдин тарыхы менен байланыштуу экендиги тилдин коомдук табияты менен шартталышкан. Тил өзгөчө коомдук көрүнүштөргө жатат. Тил коомдук көрүнүш болгондуктан, ал коомдун өнүгүшү менен тыгыз байланыштуу. Башка коомдук керүнүштөргө караганда тилдин спецификалык бөтөнчөлүктөрү мына мында: тил адамдардын байланыш куралы катарында, өз ара пикир алышып, түшүнүшүп туруунун куралы катарында, турмуш жагынан кишилердин ишинин бардык тармактарында биргелешип иштөөнү жолго коюу мүмкүндүгүн берүүчү курал катарында коомду тейлеп турат.

Мына ошентип, тилдин тарыхын ал тилдин ээси болгон элден, элдин тарыхынан ажыратып кароого болбойт.

• **Алачу**- алачык (271) Кыргыз тилинин алачык сөзү эки мааниде 1) “Керегеси жок кичинекей боз үй”. М.: Кан үйүнүн тардыгы ай, кара алачыгымдын кеңдиги ай (Макал), 1860-жылдын күзүндө Сатылгандын алачыгы кубанычка толду (Бөкөнбаев); 2) “Боз үйдүн уугун жерге сайып, же эки канат керегенин баштарын териштирип, үстүнө туу жаап, же болбосо чабык жыгачтардын башын байлап, үстүнө чөп ж.б. нерселерди жаап жасалган кепе” маанисинде кездешет. М.:Сайма алачык, чөп алачык ж.б.

• **Аркук** – устун, шырык. Эки там же эки түркүктүн үстүнө коюлуучу жыгач (227). Кыргыз тилинде устун (“Сомдолгон, бутактары жок узун жоон жыгач) жана шырык (“Бутактары жок, ичке өскөн узун карагай”) формасында кездешет.

• **Арыг** – чатырдын жапкычы. Барсконччо (149). Кыргыз тилинде эскирген сөздөрдөн.

• **Бычкум** – үйдүн бастырмасы (829). Кыргыз тилинде кездешпейт.

• **Ейегү** – каптал. Чатырдын капталы да “ейегү” деп аталат. Тоо капталын да “ейегү йер” дешет (273). Кыргызча чатырдын этеги, жээги маанисинде айтылат.

• **Жыт** – камыш, тикенектен жасалган кепе, алачык, күркө (565)

• **Или кабуч** – илгич эшик. Кулпу килитсиз ачылган эшик (194). Азыркы кыргыз тилиндекабуч сөзү колдонулбай, эшик сөзү колдонулат.

• **Кабуч** – эшик.(653)

• **Керегү** – чатыр. Түрмөнчө. Отурукташкан элдин кышкы үйү. Макалда мындай деп келет: “көк көрди керегү йүзти – көп кыйынчылык көрдү, чатырды жонуна көтөрүп кетти (773). Кыргызтилинде кереге сөзү “Боз үйдүн бири-бирине кайчылаштырылып, көк менен бириктирилген, төрт чарчы көздөрү бар, сыртынан чий, кииз каланып, үстүңкү кырына ууктарды беките турган каптал жыгачтары”. М.: Керегенин баштары, кереге көктөө. Өтмө маанисинде “Тамдын же башка курулуштардын дубалы аталып калган: Береги төрт керегеси сокмо боз тамдын төбөсүндө карарып бирдеме турган (Сыдыкбеков), Заводдун фундаенти орнотулуп, керегеси көтөрүлдү (Сасыкбаев) ж.б.

• **Кирит** – килит, ачкыч. Бул сөз араб тилиндеги эквиваленти “иклид” сөзү менен шайкеш келет. Каф – тамгасына алмамшкан, лам – тамгасы ра тамгасына алмашкан, даль – тамгасы та тамгасына алмашкан жана алиф-тамгасы болсо, түшүп калган.(623) Килит болуп кыргыз тилинин диалектисинде кездештирүүгө болот.

• **Сабык** – чатырдын эки (651)

• **Огулмук** – түркүк (289) түркүк сөзү кыргыз тилинде “Тирөөч, мамы” жана өтмө маанисинде “Таяныч, тирек”. Кат артынан карыса, калың журттун түркүгү Эр Семетей аты экен (Семетей) олуп адамга карата айтылат.

• **Суны** – устун, үйдүн түркүгү (359)

• **Сырук** – чатырдын устуну, устун (615). Кыргыз тилинде тыбыштык өзгөрүүгө дуушар болуп шырык формасында кездешет.

• **Тирегү** – тирегич, бир нерсени тиреп турчу түркүк, устун (773)

• **Тулвир** – кеиндин чатыры, жибек кездемеден аялдарга даярдалган чатыр (787) Түл материалынан чатыр жасалгандыктан түлвир аталып калган

• **Ук** – уук. Айтылышы “ев укы” – үйдүн (боз чатыр) уугу (107). Кыргыз тилинде уук болуп боз үйдүн керегесинен түндүгүнө чейин жеткен, бекитилген атайын башы ийрирээк олуп жасалган узун жыгачты атайт.

• **Ууг** – уук, чатыр, боз үйдүн уугу (125) Түшүндүрмөдөгү “чатыр” мааниси өтмө мааниде аталып калган.

• **Чатыр** – чатыр, кепе. Өгүздөр болсо чаашар дешет (707). Чатыр сөзү кыргыз тилинде “Брезенттен, ак ак матадан ж.б. жасалып, төрт урчунан керилип коюлуучу, көбүнчө жайында колдонула турган жеңил үй маанисинде жана өтмө маанисинде “Курулуштардын, имараттардын атмосфералык кубулуштардан сактай турган үстүңкү бөлүгү аталат. М.:Жамгырдан үйдүн чатыры дабырап турду (Сыдыкбеков)

Жогорудагы курулушка тиешелүү аталыштар Байыркы түрк тилдеринин сөздүгүндө кенен орун алган. Алардын ичинен турак жайга гана тиешелүү аталыштар каралды. Андан сырткары курулушка тиешелүү курал-жабдыктардын, эмгек процесстерин жана кесиине карата аталыштарды иликтөө келечектин милдети.

Адабияттар

1. Дыйканов К. Кыргыз тилинин тарыхынан, -Ф., 1980.
2. Жумалиев С.С. аыркы түрк тилдери, -Б., 2014.
3. Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгү, -Ф., 1984.
4. Махмуд Кашкари “Түрк тилдеринин сөздүгү” I, II, III том
5. Сартбаев К.К. Түрк тилдеринин салыштырма грамматикасы, -Ф.,1962.
6. Юдахин К.К. Киргизско – русский словарь, -М., 1965.